Б.А.Нурунбетов
Жолдошева А.А., Кошназаров М.А.,

# 6-9-КЛАССТАРДА ТАРЫХ ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА ОЛИМПИАДАЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

Ош — 2014

УДК 373.167.1
ББК 74.263.1
Ж 79

ОГПИнин окумуштуулар кеңешинин чечими менен басмага сунушталды.

**Сын пикир ээлери:**
Ш.А.Дыйканова тарых илим.канд., доцент
Р.З.Шарипова фил.илим.канд, доцент

Ж 79 «6-9-класстарда тарых предмети боюнча олимпиадаларды өткөрүүнүн жолдору»; т.и.д., проф. Б.А.Нурунбетов А.А.Жолдошева, М.А.Кошназаров,.-Ош 2014.-48 б.

ISBN 978-9967-18-025-3

Бул усулдук колдонмо мектептерде олимпиадаларды өткөрүүнүн жолдору боюнча жазылган. Мектеп мугалимдерине пайдасы тиерине ишенебиз.

Окуучулардын предметке болгон кызыгуусун, өз ара активдүү кызматташтыкты арттырат.

Ж 4306010600-14
УДК 373.167.1
ББК 74.263.1

ISBN 978-9967-18-025-3

# Киришүү

Тарых боюнча класстан тышкаркы иштерде окуучулардын предметке кызыгуусун артыруучу көп мүмкүнчүлүктөр бар. Алардын бири тарыхый олимпиадалар.

Окуучуларды олимпиадага даярдоо жана катыштыруу алардын ой жүгүртүүсүн кеңейтип, жаңы билимдерге ээ болуусуна шарт түзөт. Окуучулардын конкурстардын, олимпиадалардын, викториналардын учурунда тарых боюнча тапшырмаларды мыкты аткаруу үчүн мелдештер алардын арасында кеңири тараган. Бул мелдештер окуучулардын кызыгуусун, жөндөмдүүлүгүн айкындоо жана өнүктүрүү, алардын таанып билүү активдүүлүгүн, сабакты сүйүүсүн стимулдаштыруу максатында жүргүзүлөт. Окуучуларга бул мелдештер өздөрүнүн шыктуулугун текшерип көрүүгө жана мүмкүнчүлүктөрүнө, тарых боюнча окууга өзүнүн шыгын баалоого жардам берет. Олимпиадалар, викториналар бардык курактагы окуучулар арасында өткөрүлөт. Олимпадалардын, конкрустардын, викториналардын конкреттүү мазмуну мектеп программасы менен чектелиши же анын чегинен да чыгышы мүмкүн. Берилген суроолорго жооп кайтарышат, сюжеттик баяндоолорду түзүшөт, туулуп өскөн край жөнүндө маалыматтарды чогултушат, өзүнүн шаары, айылы жөнүндө сочинение жазышат жана сүрөттөрдү тартышат. Кээде катышуучуларга жардам катарында атайын эскерткичтер түзүлөт, зарыл керектүү консультациялар өткөрүлөт. Олимпиадалар окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн талап кылат. Окуучу же катышуучу мындан мурдагы турда зарыл керектүү сандагы баллга жетпей калса, кийинки турдан чыгып калуу менен чектелет. Суроолорго карата коюлуучу төмөнкүдөй талаптарды:

**1)** Кызыктуулугу, өзүнө тартуучу мүнөздө болушу, ушул курактагы окуучуларга алардын жеткиликтүү

болушу жана ошону менен катар бир кыйла ой, акыл-күч аракеттерин жумшай тургандай оор болушу,

**2)** Даталарды жана ысымдарды жаттап калуу менен гана чектелип калбастан түшүндүрүү менен жооп кайтарууну талап кылган жана билимин, ынанууну жана өнүгүүсүн аныктаган жооптордун басымдуулук кылышы,

**3)** Баяндоонун тактыгы жана айкын-ачыктыгы жөнүндөгү талаптарды көрсөтүүгө болот.

Тарыхый олимпиадаларды уюштуруу жана өткөрүү жөнүндөгү усулдук колдонмо көп жылдык эмгек тажрыйбанын негизинде жазылып, анда көбүнчө тарыхый сочинениелерди жана рефераттарды жаздырууга басым жасалган.

Албетте, окуу усулдук колдонмодо 6-9-класстагы окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүн эске алып, ар түрдүү формада: тест, оюн-зоок, конкурс ж.б. формада өткөрүүгө ылайыкташкан.

6-9-класстарга олимпиадаларды уюштуруу эки этапта өткөрүүгө ылайыкташылган. Эмгек жолун жаңы баштаган же жаш окутуучулар үчүн кыйынчылык туудурса биринчи турун өткөрсө деле болот. Олимпиадалар бардык класстарда, көбүнчө параллель класстарда жана жеке класстарда уюштурулуусу зарыл. Биринчи этап жумага, айга же чейрекке созулушу мүмкүн. Экинчи тур– окуу жылынын аяк ченинде өткөрүлүшү максатка ылайыктуу, анткени бул мезгилде окуу программасы дээрлик аткарылып бүткөн болот.

Конкурстун мазмуну окуучудан түшүнүктөрдү, адам аттарын, даталарды, терминдерди билүүнү жана тарыхый кубулуштарды бири-бири менен байланыштыра алууну талап кылат.

Мектептерде өткөрүлүүчү олимпиадалар салт катары болуп, ал күн майрам катары өтүүсү абзел. Окуучу үчүн бул күн билим деңгээлин сыноочу отчет болуп калуусу мүмкүн.

Бул усулдук колдонмо тарых сабагынан класстан тышкаркы иштерди өтүүчү мектеп мугалимдери үчүн жардам болооруна ишеним бар.

**Олимпиаданын биринчи туру**

Олимпиаданын биринчи туру мектеп окуучуларын көбүрөөк тартууга арналып, алардын предметке болгон кызыгуусун көптү үйрөнүүсүн, мектеп программасындагы китептен башка маалыматтарды көбүрөөк билүүсүнө кызыктырат. Мунун максаты окуучулардын өз алдынча чыгармачылыгын арттыруу болуп эсептелинет.

Берилген тапшырма катышуучулардын баардыгынын кызыкчылыктарын бириктирип, жеке жана группалык түрдө өткөрүлөт.

Тажрыйба көрсөткөндөй окуучулардын жөндөмүнө карап ар кандай тапшырмаларды берүүгө болот. Булар окуучунун кругозорун, ой жүгүртүүсүн, жөндөмдүүлүктөрүн арттырат.

Көптөгөн тапшырмалардын ичинен мугалим эффективдүүсүн, максатка ылайыктуусун тандап алат.

**I. Тарыхый окуяга карата сочинение.**

Мектеп программасына ылайык тарыхый окуяга карата сочинение жазганга темалар берилет.Окуучулар доорлор жана алардын мүнөздүү белгилерин көрсөтүп берүүлөрү шарт. Туура, эмоционалдуу жазылуусу зарыл. Баяндалып жаткан окуяларга окуучулардын мамилеси жогору болуш керек. Улам класстар жогорулаган сайын талаптардын дагы жогорулоосу табигый нерсе. Төмөндө ар түрдүү класстарга берилүүчү сочинениелердин темалары көрсөтүлгөн.

**Мисалы: 6-класс**

**«Египеттик баланын күнү».** Бул темада коомдун ар түрдүү таптары, байыркы Египет мектептери жана окуучулардын турмушу, ошондой эле ал мектептерде эмнени үйрөтүшкөндүгү жөнүндө баяндалат.

Окуучуларга түшүнүктүү болуш үчүн мугалим Байыркы Египет жомокторунун каармандары жөнүндө түшүнүк берүүсү керек, аны уккан балдар сочинение жазууда каармандар жөнүндө баяндайт.

**«Афиналык кулдардын тагдыры**». Бул темадагы сочинениени жазуу үчүн «Грециядагы кул базары» деген сүрөттү көрсөтүү пайдалуу. Картинаны карап окуучу эмне жөнүндө жазаарын тандап алат. Бул сүрөттө жаш же кары, балдар же энелер туралуу болушу мүмкүн. Окуучу сүрөткө карап кулдун эмгеги жана анын турмушу жөнүндө айта алат.

**«Б.з.ч. Vк Афинага саякат».** Окуучуларга жардам үчүн бул тема боюнча Афина Акрополдун жана «кол өнөрчүлүк устакананын» сүрөттөрү доскага илинип коюлат. Сочинение баяндоо жана саякат түрүндө болушу мүмкүн. Окуучу Афинанын сырткы көрүнүшү, архитектуралык эстеликтери, Афиналык жарандардын эмгектери жана жашоолору жөнүндө баяндайт.

**«Римдик кул ээлөөчүсүнүн мүрзөсү»** Ушул темадагы картинаны илүү зарыл. Сүрөттөгү кул ээлөөчү башкарган чарбанын көрүнүшүнө карап, окуучу андагы кулдардын эмгеги жана турмушу жөнүндө биле алат. Ошондой эле бул сүрөт окуучунун римдик кулдардын абалы жөнүндөгү аянычтуу сезимдерин ойготот.

Картиналарды жана кошумча адабияттарды пайдалануу окуучулардын ой жүгүртүүсүн тереңдете алат.

**7-класс.**

**«Роланд жетектеген франк аскерлеринин салгылашуусу».**

Бул сочинениеде Улуу Карлдын жоортулдарынын максаттарын чагылдырышат, ошондой эле Роландын эр жүрөктүүлүгүнө, тайманбастыгына жана анын кайгылуу окуясына мүнөздөмө беришет.

**«Орлеан шаарын бошотууда Жанна Д*Арктын жеңиши».**

Бул темадагы сочинениени жазууда мугалим доскага Жанна Д*Арктын жеңишке жеткендеги сүрөтүн жана ошондой эле анын туткунга түшкөн сүрөтүн доскага илип коюу жакшы өбөлгө бере алат. Окуучулар жаш кыздын эр жүрөктүүлүгүнө, амалкөй тапкычтыгына, анын аянычтуу өлүмүнө мүнөздөмө беришет.



**8-класс**

**«XVII кылымдагы Москвага саякат».**

Шаардын тышкы көрүнүшү, шаар тургундарынын турмуш–тиричилиги жөнүндөгү маалыматты, ушул шаарга келген саякатчы гана калтырып кетиши мүмкүн.

Окуучулар шаардын сүрөттөлүшүнөн шаар жашоочуларынын жана шаардын көрүнүшүнүн жаккан - жакпаган жактарын мүнөздөп жазышат.

**«Куликова салгылашуусу жана Дмитрий Донской жөнүндө мүнөздөмө берүү»**

Бул темада окуучу салгылашуунун жүрүшү, аскерлердин куралданышы жана Дмитрий Донскойдун кол башчылык чеберчилигине баа беришип, Куликова талаасындагы миңдеген мыкты аскерлердин эр жүрөктүүлүгүн даңазалай алышат.



**9-класс.**

9-класста окуучулар Стюарттардын династиясы, Карл I Стюарттын абсалюттук башкаруусу, буржуазиялык революциянын келип чыгышы, абсалютизмдин чектелиши, Кромвельдин протектараты жөнүндө жазышат.

«Бородина салгылашуусу», «Напалеон Iдин империясы», «Напалеондун баскынчылык жоортулдары», «Россиядагы 1812-жылдагы Ата Мекендик согуш», «Напалеондун армиясынын Россиядан куулуп чыгышы», «Континенталдык блокада», «Ыйык Союздун түзүлүшү» жөнүндө мүнөздөмө беришет.

**II.Сын пикир**

Окуучу мугалимдин көрсөтмөсү менен тархый көркөм чыгармага библиографиялык көрсөткүчтүн негизинде сын пикир жазат. Сын пикирдин айрым структураларын алдын ала мугалим түшүндүрүп берет.

**III.Тарыхый маданий эстелик жөнүндө баян.**

Окуучу эстеликтин түзүлүү тарыхы жөнүндө көркөмдөп жазат. Эстелик окуучу жашаган крайдын тарыхы менен байланыштуу болсо бир топ маанилүү болот. Окуучу эстеликке карап анын нравалык, эстетикалык тарыхый өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтөт.

**IV.Көрсөтмө куралдарды даярдоо.**

Көргөзмө куралдарда ар кайсы доорду чагылдырган эмгек шаймандары, аскердик куралдар, имараттардын макеттери, түрдүү катмарлардагы таптардын кийим-кечелери даярдалат. Бул иш мектеп окуучусунун фантазиясын өнүктүрүп, алардын ар кайсы доор жөнүндөгү тарыхый көз караштарын кеңейтет. Даярдалган көрсөтмө куралдар окуучулардын практикалык билим алуусун тереңдетет.

**V. Өздүк коллекциялардын тематикалык көргөзмөлөрү.**

Тапшырма окуучулардын жекече кызыкчылыктарын өнүктүрүү өзгөчөлүктөрүнө таянат. Көргөзмөдө тарыхтын урунтуу учурларын чагылдырылган сүрөттөр, макеттер, гербдер, тыйындар ж.б. коюлат. Окуучулардын, көрүүчүлөрдүн билим сапатын тереңдетүүгө жардам берет.


**VI. Тарыхый темадагы кроссворддорду, баш катырмаларды, чайнворддорду чечүү.**

Тапшырма окуучуларды кызыктыра тургандай коолдолуусу шарт. Бул тапшырманы кызыкчылыктары бирдей болгон жеке жана жалпы класстын окуучулары даярдашы мүмкүн.

Ар бир туура жоопко бирден балл берилет. Тапшырма өтө татаал болсо аны жарым–жартылай аткарууга дагы мүмкүнчүлүк берилет. Бул начарыраак өздөштүргөн окуучунун кызыгуусун арттырууга жардам берет.

Кроссворд, чайнворд, баш катырмалар менен иштөө окуучулардын тарыхый окуяларды эске тутуусун бекемдейт.

**Чайнворд;**



1) Гаитидеги Колумб тарабынан аталган арал (Эспаньюла).

2) Борбордук Американын жогорку маданияттуу элдеринин бири (ацтеки).

3) Перунун жашоочулары (инки).

4) Индияга деңиз жолун ачуу үчүн Колумб анын жээктери аркылуу жөнөгөн өлкө (Испания).

5) Колумб тарабынан ачылып, ал жерде бир жылдай жашаган арал (Ямайка).

6) Кара материк (Африка).


7) Колумб ачкан материк (Америка).

8) Жаңы дүйнөнү изилдеген адамдын аты–жөнү (Америго Веспуччи).

9) Колумбдун мекени (Италия)

**Кроссворд;**

**1)**




**Туурасынан:**

1. Кыргыз саясий ишмери (Абдрахманов)
2. БАда түзүлгөн хандык (Кокон)
3. Мамлекеттик символика (герб)
4. Каранын антоними (ак)
5. Таш доорунан кийинки доор (коло)
6. Мурунку Персия, азыркы (Иран)

**Тигинен:**

1. Чүй облусундагы шаар (Каракол)
2. Кытай эли сыйынган жаныбар (дракон)
3. Байланыш каражаты (кат)
4. Африка дарыясы (нил)
5. РФнын борбору(Москва)
6. Улан-Батор  (Монголия)
7. Швейцария борбору (Берн)

**2)**





**Туурасынан:**

1. Сактардын падышасы (Томирис)
2. Кытай императору б.з.ч. (Уди)
3. Кенири, көп (мол)
4. Кыргызстандын аймагындагы бай маданият (Чуст)
5. Давань борбору (Эрши)
6. Санжырада болот (уруу)
7. РФ дарыясы (Лена)
8. Шах, хан, король (Эмир)
9. Байланыш каражаты (кат)

**Тигинен:**

1. Жез менен калайдын аралашмасы (коло)
2. Перс  падышасы (Кир)
3. Давань мамлекетинин  падышасы (Мугуа)
4. Усун мамлекетинин борбору  (Чигу)
5. Түрк каганы (Истеми)
6. Кытай полковедеци  (Лигуанли)
7. 552-жылы түзүлгөн кагандык ( Түрк)
8. Түрк  кагандыгынын негиздөөчүсү  (Бумын)
9. Индиялыктар ойлоп тапкан оюн (шахмат)

**3)**



**Туурасынан:**

1. Сактардын бир түрү (хаумаварга)
2. Фергана өрөөнүндөгү байыркы мамлекет  (Даван)
3. БАгы дарыя (Иле)
4. Музыка жанры (Рок)
5. Бай. Перс падышасы (Дарий)
6. Кытайлар «Даван» өлкөсүн эмне деп аташкан (Полоно)
7. Ат жабдыгы (Ээр)

8. Орто  Азияда башкаруучуну кантип аташкан (Эмир)
9. Түрк каганы  (Таспар)

**Тигинен:**

1. Кыргызстандагы байыркы маданият (Андронов)
2. Көзү  ачык аял (Ванга)
3. Химиялык элемент (Гелий)
4. Түрк  каганы (Истеми)
5. Араб акча бирдиги (динар)
6. Дениз каракчысы (Пират)
7. Географиялык , физикалык, саясий (карта)

**VII. Викторина**

Викторина үчүн берилген тапшырма академиялык мүнөздө болбоосу зарыл, сабактын материалын кайталабай, бирок андан таталыраак болуусу шарт.

«**Адамдарга коюлган өзгөчө  аталыштар»**

Тапшырма:

1. Өзгөчө аталышка ээ болгон тарыхый ишмерлерди атагыла?

2. Качан, кайсы жерде жашаган, тарыхка кандай из калтыргандыгын көрсөткүлө?

3. Эмне үчүн  ушундай аталышка ээ болгондугун түшүндүрүп бергиле?

**1.Бархат канцлери**

Горчаков Александр Михайлович (1798-1883). Царской айылындагы лицейде тарбияланган. Орус дипломаты, тышкы иштер министри, мамлекеттик канцлер  болгон. Крым согушунан жеңилгенден кийинки Париж келишиминин беренелерин жоюуга жетишкен. XIXк 70-80-жж Европадагы тынчтыкты сактоодо көп иш-аракеттерди жасаган. Дипломатиялык мамилелерде маселени куралсыз чечүү жөндөмүнө  ээ  болгондугу үчүн «Бархат канцлери» деген атка ээ болгон.

**2. Дүйнөлүк жөргөмүш**

Француз королу Людовик XI (1423-1483). Мамлекеттик бийликти борборлоштуруу мезгилинде королдук бийликти чыңдоо саясатын жүргүзгөн. Интригаларга карабастан душмандарын жөргөмүш сыяктуу колго түшүргөн.

**3.Темир канцлер**

Отто Бисмарк (1815-1898). Германиянын биринчи канцлери, Германияны жогортон бириктирүү планын ишке ашырган, Үчтүктөр союзун уюштуруучуларынын бири болгон.

**4. Күн-Король**

Людовик XIV Франция королу (1638-1715). Анын башкаруу мезгилинде абсалютизмди чыңдоого мыкты шарттар түзүлгөн. Айланасындагылар аны «Күн-Король» деп аташкан.

**5. Тарыхтын атасы.**

Герадот (б.з.ч. 490/480-430/424). Байыркы грек-окумуштуу тарыхчысы. Көп саякаттарды жасаган. Анын эмгектери кеңири географиялык, тарыхый, этнография-лык материалдарды камтыйт.

**«Коздолгон аталыштар»**

*Тапшырма:*

Аталыштын мазмунун жана эмне үчүн андай аталышка ээ болгондугун атагыла. Кайсы мезгилде болгондугун көрсөткүлө.

1. **Варфоломей түнү.**

1572-жылы 24-августка караган түнү Парижде Варфоломей майрамынын алдындагы түнү католиктер-дин гугенотторду (протестанттарды) массалык түрдө кырышы. Католик чиркөөсүнүн жактоочулары протестант-тарга каршы жырткычтык менен мамиле жасашкан. Ошол түнү 30 миңден ашуун эретиктер өрттөлгөн. Королева Екатерина Медичи менен католиктердин

башчысы уюштурган. Булар гугеноттордун күч алып кетишинен чочулап, болочок король Генрих IVнүн үйлөнүү тоюн өткөрүп жаткан түнү 3000 ден ашуун гугенотторду өлтүрүшкөн. Ошондон улам «Варфоломей түнү» деген термин «кыргын салуу» деген маанини берет.

**2. Кызгылт жана ак розалардын согушу.**

Англиядагы Йорк династиясынын ортосундагы феодалдык согуш. Йорк династиясынын гербинде ак розанын сүрөтү, ал эми Ланкостерлердин гербинде кызгылт розанын сүрөтү болгон. Согуш 30 жылга созулуп, эки династиянын тең начарлоосу менен аяктаган. Согуштун натыйжасында Генрих VII Тюдорлордун династиясы бийликке келген.

**3. Бостондогу чай ичүү.**

1773-жылы Түндүк Америкалык Англиялык колониянын Бостон портунда чай жүктөлгөн жүк түшүрмөкчү болгон. Бирок, товарга болгон салык өтө жогору болгондуктан, буга каршы болгон жашоочулар чайды деңизге ыргытып жиберген. Бул окуя тарыхта «Бостондогу чай ичүү» деп аталып калган.

**4.Коркунучтун атасы.**

Египеттик арабдар чоң Сфинксти коркунучтун атасы деп аташкан. Түндөсү айдын жарыгында анын айкели өзгөчө коркунучтуу болуп көрүнгөн.

**Силер билесинерби?**

Белгилүү бир проблемага бириктирилген коздоп боелуучу плакаттар менен жабдылган рубрика ушундайча аталат.

Мисалы: Улуу инсандарга коюлган эстеликтер, «түбөлүк от» эстелиги. Бул сүрөттөргө карап окуучулар эстелик кимге арналгандыгын, качан, ким тарабынан коюлгандыгын аныкташат. Тапшырма окуучуларга алдын-ала берилет. Ошонун негизинде жооптор жазуу түрүндө кайсыл класста, кайсыл окуучу экендигин аныктап жүргүзүлөт.

Ар бир конкурс белгилүү сандагы балл менен бааланат.

**1**.Тарыхый темага арналган сочинениеге -10балл (тарыхый мазмунуна -5, сабаттуулугуна-2, сочинениенин жабдылышына-2, жеке баасы-1).

**2**.Китепке сын пикир же мүнөздөмө-8балл (чыгарманын жалпы маалыматына -2, окуучу материалды канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгүнө карап-4, чыгарма эмнелерге үйрөттү -2).

**3.**Тарых жана маданият эстелигин баяндап жазууга -10балл (тандап алынган обьектинин көркөм тарыхый баалуулугуна-2, өзгөчөлөнгөн көркөмдүк анализге-5, эстеликке адамдын инсандык мамилеси-1, иштин кооздолуп жасалышына-2).

**4.**Көрсөтмө куралдарды даярдоо -8 балл (окуу куралдын мектеп үчүн баалуулугуна-3, аны аткарууга-5).

**5**.Коллекциялардын көргөзмөсү-5балл (коллекция-нын тематикалык мазмунуна-2, коллекцияларга экскурция жүргүзүүгө-3).

**6.**Кроссворд,чайнворд, баш катырмалардын ар бир туура жообуна 1ден балл.

**7.**Викторина өзгөчө аталыштар-5балл.

(аттын туура аталышына-1, доор жана ошол мезгилдеги тарыхый инсандардын ролун баяндап жазууга -3, өзгөчөлөнгөн аталыштарды түшүндүрүп берүүгө -1).

**8.**Көркөм аталышка -3балл (окуянын аталышына-1, анын болуп өткөндүгүн баяндоого -1, аталыштын маани-маңызын баяндоо-1).

**9**.Силер билесинерби? дегенге- ар бир туура жоопко - 1ден балл.

Биринчи турдун жыйынтыгында эң мыкты окуучулар тандалып алынып, алар өз сыйлыктарын алышат жана алардын мыкты эмгектери көргөзмөгө коюлат. Калыстар тобу олимпиадага катышкан окуучулардын жыйынтыгын туура чыгаруусу максатка ылайыктуу.

## Экинчи тур

### Алдын ала даярдык.

Олимпиаданын 2-туру бир күнгө созулуп билим майрамы катары болуусу шарт. Ошондуктан окуучуларга бул жөнүндө алдын ала маалымат берүү керек. Коздолгон, көрүнүктүү жерге жарыя илинүүгө тийиш.

Олимпиада өтүлүүчү кабинет жетишерлик деңгээлде жасалгаланып, катышуучулардын көңүлүн өзүнө буруп турууга тийиш. Тарых жөнүндө ойчулдардын айткандарын өтүп жаткан олимпиадага ылайыктуусун окутуучу тандап алат.

*«Акылы жактан жетишпеген адам гана тарыхты баалабайт».*

*Н.Г. Чернышев.*

*«Мекениңдин тарыхын жакындан окуп билгениңде гана ал ансайын сага жакын болуп калат».*

*М.И.Калинин.*

*«Бүгүнкүнү жана келечекти аңдап билиш үчүн өткөндү билүү керек»»*

*В.Г.Белинский.*

***«**Өткөн заман келечектин күзгүсүдүр»*

*«Тарыхты билген жетекчи гана, жакшы жетекчи жана мамлекеттин мыкты коргоочусу болуп эсептелинет»*

*Л.Н. Толстой.*

*«Жаман эл гана өзүнүн баалуулуктарын, өзүнүн тарыхын сүйбөйт».*

*В.М. Васнецов.*

Экинчи турду мелдеш түрүндө өткөрүү максатка ылайыктуу болот. Мелдеш параллель жана ар түрдүү класстардын ортосунда өткөрүлүшү мүмкүн.

Конкурстардын жыйынтыгын чыгарууга жоопкерчиликтүү мамиле жасоо керек. Бул жерде тез жана туура баалоонусу зарыл. Олимпиаданын экинчи турунда калыстар туура жана так жыйынтык чыгаруу зарылчылыгы келип чыгат.

Калыстар тобунун мүчөсү кандай конкурс өтөөрүн алдын ала билүүсү, ага даярдануусу жана конкурсту кызыктуу өткөрүү, окуучулардын билимин жогорулатуусу шарт. Конкурс катышуучулардын алдында бааланусу керек. Конкурстун жыйынтыгын чыгараар алдында доскага же плакатка ар бир тапшырманын баллы жазылып турулууга тийиш.

| Конкурс | | балл | Командалар | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 6 | 7 | 8 | 9 |
| 1 | Саламдашуу | 6 | | | | |
| 2 | Разминка | | | | | |
| 3 | Суроо-жооп | | | | | |
| 4 | …….ж.б. | | | | | |
| 5 | Жыйынтык | | | | | |
| 6 | Орун | | | | | |

## Саламдашуу

Оюн зоок жаш өспүрүмдөр үчүн маанилүү экендигин эске алып, конкурстун башталышын салтанаттуу баштоо керек. Ар бир команда өздөрүнө ат жана эмблема тандап алышат. М: «Мушкатерлор», «Көчмөндөр», «Клио» ж.б.

## Конкурстун мазмуну жөнүндө баян.

Конкурсанттар үчүн 12, күйөрмандар үчүн 8 конкурс өткөрүлөт.

Тажрыйба көрсөткөндөй олимпиадада төрт-беш конкурс өткөрүү максатка ылайыктуу. Катышуучулардын санынын көбөйүп кетиши, алардын билим деңгээлин начарлатып, окуучулардын кызыгуусун жоготот.

# I КОНКУРС

## Разминка.

Ар бир туура жоопко бирден балл берилет. Алдын ала даярдалган шартка ылайык тапшырма жазуу түрүндө берилип, бир канча варианттар сунушталат. (Буга 7-10 минута берилет).

## 6- класс.

1.Окуучулар байыркы грек кудайларын аташат жана алар эмненин колдоочулары экендигин айтышат.

2.Байыркы грек мифтеринин каармандарын жана алардын эрдиктерин жазышат.

3.Сак койчусу Ширактын эрдиги жөнүндө жазышат.

4.Ашина түрктөрү, мифтеги карышкыр жөнүндө баяндашат.

## 7-класс.

1. Феодалдык эзүүгө каршы күрөштүн жетекчилерин жана кайсы өлкөдө экендигин аныкташат.

2. Өз өлкөсүнүн көз каранды эместиги үчүн күрөшкөн элдер жөнүндө баяндашат жана кайсы өлкөдө болуп өткөндүгүн көрсөтүшөт.

3. Орто кылымдардагы ири деңизде сүзүүчүлөрдү аташат жана алардын жасаган саякаттарын, ачкан жерлерин көрсөтүшөт.

4. Кыргыз каганаты, ээлеген аймагы, Барсбек каган жөнүндө баяндашат.

5. Култегин, Тонйокук, Барсбектин эпитофиялары, алардын табылган жерлери жана текстин мазмуну жөнүндө баяндашат.

## 8-класс.

1. Россиядагы XIII к башында өлкөнүн көз каранды эместиги үчүн күрөшкөн адамдарды аташат.

2. Монгол чабуулдары. Кыргыздардын монгол чабуулдарына каршы күрөшүшү жөнүндө айтышат.

3. Кыргыздардын башын бириктирүү үчүн күрөшүүчү Мухаммед Кыргыз жөнүндө баяндашат.

### 9-класс.

1. 1812-жылы Россиядагы Ата Мекендик согуштун баатырларын аташат жана алардын согуштагы эрдиктери жөнүндө айтып беришет.

2. Декабристердин кыймылы, көтөрүлүштүн жетекчилери жана алардын жеңилгенден кийинки тагдырлары жөнүндө айтып беришет.

## II КОНКУРС

### Учкул сөздөр.

Жалпы баа- 5балл (туура атоо-2балл, окуянын келип чыгыш себебин аныктаганга-3балл). Конкурс бир канча вариант түрүндө уюшулат.

**Биринчи вариант.**

Учкул сөздөр жазылган текст өзүнчө барактарга жазылып, столдун үстүндө тетири жагынан аңтарылып коюлат. Командалар ачып маанисин түшүндүрүп беришет. Ар кайсы класстарда кезиккен учкул сөздөрдөн мисал келтирилет.

### Байыркы дүйнөнүн тарыхы.

**«Деңизге чыгуу».** Б.з.ч Vк Перс падышасы Ксеркстын гректерге каршы согушу, өз аскерлерин өткөрүү үчүн Европа менен Азиядагы кысык аркылуу өтүүчү жерге көпүрө салдыргандыгы жана ал көпүрөнү бороон-чапкын алып кеткендиги жөнүндө жазышат. Ачууланган падыша көпүрө куруучуларды өлтүрүүгө буйруган.

**«Ганнибалдын анты».** Тогуз жашар болочоктогу карфагендин полководеци Ганнибал Рим менен өмүр бою күрөшүүгө ант берген. Ал өзүнүн антына тура алган. Ошондуктан өз ишине берилгендиктин айтканын аткара тургандыктын үлгүсү катары колдонулат.

**«Сениби, Брут!»** Сенатта Цезардын өлтүрүлүшүндө анын эң жакын досу Брут катышкан. Бул термин чыккынчылыктын символу катары колдонулат.

**«Каздар Римди сактап калышты».** Галлдар түн ичинде Римге кол салышкан. Караңгы түндө алар үн чыгарбастан тосмодон өтүшкөн. Храмдагы каздар алардын үнүн угуп, каркылдап жиберишкен. Римдиктер ойгонуп кетишип, галл урууларынын чабуулунун мизин кайтарышкан. Кээ бир окуяларда өзгөчө мааниге ээ окуя катары колдонулат.

**«Пиррдин жеңиши».** Эфестин падышасы Пирр римдиктер менен согушууда өзүнүн көп аскерлерин жоготууга учуратып жеңишке жетишкен. Согуштан кийин: «Дагы бир ушундай жеңиштен кийин, менин армиям калбайт»-деп кыйкырган. Көп жоготууга учуроо менен жеңишке жетишүүнүн символу катары колдонулат.

**Орто кылымдардын тарыхы.**

**«Каностук жүрүш».** XI к Германиянын императору, Папага каршы чыккандыгы үчүн чиркөөдөн чыгарылган. Ал күнөөсүн мойнуна алып, кечирим суроо үчүн Каностун алдында тизе бүгүп турууга аргасыз болгон. Бул фразеология бирөөдөн басынып кечирим сууроодо колдонулат.

**«Париж жардылардан турат».** 1953-жылы гугеноттордун падышасы Генрих Бурбонский өзүнүн ишенимдеринен баш тартып, католик динин кабыл алган. Бул кадамы үчүн Франциянын падышалык тагын алуусун камсыз кылган. Ал Генрих IV деген ат менен падышалык титулду алган. Бул фразаеология өзүнүн кызыкчылыгы

үчүн  ар кандай жаман иштерди аткарган  адамды атоого колдонулат.

**«Мээлей ыргытуу».** Орто кылымдардагы  жоокерчилик мезгилди  сүрөттөгөн окуя катары айтылып калган. Жоокерлер жекеме-жеке чыгаар алдында  каршылашына мээлейди ыргытышкан. Азыркы учурда мелдеш уюштуруудагы талаш-тартышта  колдонулат.

**«Эгер тоо Мухаммедке келбесе, Мухаммед тоого өзү барат ».**

Исламдын негиздөөчүсү Мухаммед «Алланын жердеги пайгамбары» катары эсептелген. Уламыш боюнча ал өзүнүн кудуреттүү күчүн көрсөтүү үчүн тоону өзүнө  жакындап келүүгө буйруган. Бирок  тоо өз ордунан жылбай койгон. Ал тоого өзү барган. Бул сөз бирөөгө аргасыздан гана баш ийген мезгилде колдонулат.

## Россиянын   тарыхы

**«Узак ящике салып коюу».**

Акталган адамдардын ишин тезден–тез бүтүрбөстөн улам-улам, жылдан-жылга созула берген кезде айтылган сөз.

**«Кашкайган чындык».**

Соттолуучуну суракка алып жатканда аны камчы менен сабап турушкан. Анткени  жаны  ооруган  адам чындыкты айтып берет дешкен.

**Лястарды кырып жасоо.**

Лясы же балясы теректерден жасалган ар кандай оюнчуктар. Бул ишти аткаруу анчалык кыйын эмес, көңүл да бурушкан эмес. Бул фразеологизм: убактысын текке кетирген адамдарга  колдонулат.

**«Ивановкага бүт кыйкыруу».**

Москвада Кремлде Иванов аянтчасы болгон. Ал жерден падышанын  указдары  каттуу үн менен айтылып турган. Бул сөз  кимдир бирөө  эч кимди көзүнө албай эле бакылдап бийик сүйлөп жаткан учурда кодонулат.

**«Жеңди түшүрүп иш кылуу».**

Орус боярларынын кийиминин жеңдери тизелерине чейин түшүп турган. Мындай кийимде иштөөгө мүмкүнчүлүк болгон эмес. Бул нерсе: начар жана тыкан эмес иштөөнү түшүндүргөн.

**«Мурду менен калуу».**

Падышалык Россияда сурануучу сотко кайрылганда ага ар түрдүү белек ала келген. Эгерде ал белек жакпаса анда белегин көтөртүп кайра артка жөнөткөн. Бул: Эч нерсеге жетпей, баардыгынан кур калган учурда колдонулат.

**Экинчи вариант.**

Окуучуларга буюмдарды көрсөтүү сунушталат. Учкул сөздөр кайсы предметке таандык экендигин, ким тарабынан айтылгандыгы жана бүгүнкү күндөгү анын колдонулушун аныктоо.

| Көрсөтүү | Учкул сөздөр |
|---|---|
| Кылыч | Ким кылыч менен келсе, ал кылычтан өлөт. Бирөөгө жамандык ойлосоң, ал өзүңө тиет. |
| Найза | Ачык күрөштү билдирген |
| Мээлей | Мээлейди ыргытуу |
| Шляпа | Иш шляпада жатат |

**Үчүнчү вариант.**

Учкул сөздөрдү туура пайдалангандай кырдаал түзүп, аны түшүндүрүп берүү керек.

**1**. Сатуучулар ярмаркага товар алып бара жатышкан. Капыстан арабасынын дөңгөлөгү сынып, баардык товарлар жерге чачылып кетет. Сатуучу бардыгын колу менен топтоп жатып, болгон үнү менен кыйкырат: (……….) (Алып бара жатканым кулады да, бир убакта жок болду). Бул лакап орто кылымда эле пайда болгон. Ал мезгилде жерлердин баардыгы бай феодалдарга караган. Эгерде товар ошол бир

феодалдын жерине кулап калса эле, ал товар феодалдын эсебине өткөн. Кулап калганы үчүн эле сатуучулар куру калышкан.

**2.** Жылкылардын кишениши, ызы-чуу түшүшү оюн-зоокту толуктап, найзалар тынбай алмашылып турду. Себеби найзалар утуру сынып турган. Ошондон тарта «найза сынды» деген сөз колдонула баштаган. Орто кылымдарда атчан рыцарлар турнирде найза менен урушушкан. Каршылаштар найза менен бири-бирин сайышып, ээрден оодарышкан. Найза тез-тез сынып турган. Бул ачык күрөштү жана ырайымсыз басып алууну түшүндүрөт.

**3.** Багдад башкаруучусу Гарун-аль-Рашид өзүнүн кол астындагыларынын кыска мөөнөттүн ичинде башкаруучу болуу талабын канаттандырган. Алардын бирин хан сарайга алып келген. Алынып келинген адам ойгонуп кетсе, ага падышалык такты тапшырып жатышкан болот. Бул узакка созулган эмес. Кедей хан сарайдан чыгып жатып: «Мен бар болгону аз гана убакыт хан болдум»- деп кыйкырган. Бул кокусунан бийликке келип аз убакыт башкарган башкаруучуну чагылдырган.

**4.** Жоокер каттуу үн менен: «Мен бул адамды урушка чакыра албайм, анткени ал ачык соот менен бара жатат» -деген. Соот бетти ар кандай соккудан сактап турган. Эгер уруш мезгилинде соот ачылып кетсе анда жоокер каттуу жаракат алган. Бул сөз «эгерде бирөөгө жаман оюң жок болсо, бетиңдеги соот эч качан ачылбайт» дегенди түшүндүргөн.

**5.** Баласын согушка узатып жаткан спартандык эне баласына: -«Жеңиш менен келгин,элиңдин үмүтүн актап жакшы жашоого жеткизе көр, болбосо татыктуу өлүм! Эгер өлүгүң келсе да мен сүйүнөм, сен намысыңды коргоп элиң-жериң үчүн жан бересиң, бул мен үчүн чоң сыймык»-деген экен. Бул элин сүйгөн намыстуу адамдарга колдонулган.

**6.** Эне кудайлардан баласынын өлө турган тагдырын билип, өлүмдөн кутулуу үчүн жер астындагы Стикстин дарыясына киринткен.Ушундан кийин ок өтпөс болуп калат. Бирок баланын согончогуна суу жетпей калат. Тагдырдан кутулууга айла жок болгон. Жаш улан Паристин огуна дуушар болуп, ок согончогуна тийген. Бул окуя Гомердин «Илиада», «Одиссея» поэмаларында Ахиллестин өспүрүм кезинде Стикстин суусуна жуунгандыгы, анын согончогуна суу жетпей калгандыгы, Ахилестин өлө турган жери «согончогу» боло тургандыгы жөнүндө айтылган. Бул нерсе «Тагдырдан качып кутула албайсың» дегенди түшүндүргөн.

**7.** Коринф шаарынын негиздөөчүсү жана падышасы өлбөс болууга аракеттенип, кудайды эки жолу алдаган. Кудайлар аны жазага алышкан. «Оор ташты колун артка алуу менен тоонун башына алып чыгууга буйруган, араңдан чокусуна жеткирген таш ылдый кулап түшкөн». Бул иш ойлонулбаган, бүтпөгөн, максатсыз ишти түшүндүргөн.

## III КОНКУРС

### Тарыхый саякат.

Баа- 6 балл (айтканга -1балл, логикалуу ойломго карап-1балл, тарыхый окуяны толук жана туура айтууга -3 балл, болгон окуяга инсандык мамилесине-1балл).

Бул тапшырмада окуучу окуяны механикалуу түрдө айтпастан, эмоционалдык сезим менен окуяга инсандык мамиле менен айтуусу зарыл. Окуучу өзүнө эмне алгандыгын жана эмне эсинде калгандыгы туралуу тыянак чыгаруусу керек.

Бул конкурсту өткөрүүнүн эки жолу тандалып алынышы мүмкүн. Биринчи баскычта эле командадан өкүлдөр тандалып алынып, башка бөлмөгө жөнөтүлөт, аларга өзүнчө тапшырма берилип, белгиленген мөөнөттө берилген тапшырманы аткарышат. Команданын калган

бөлүгү менен өзүнчө конкурс уюштурулат. Бул конкурс катышкандар үчүн утуш болсо, катышпай калган бөлүгү үчүн максатсыз болот.

Бул конкурстун биринчи баскычында команданын баары катышпай, команданын ичинен эки адам катышып жыйынтык чыгарса деле болот.

Тапшырманын экинчи баскычында команданын баардык мүчөлөрүнө бирдей тапшырма берилет. Бул олимпиаданы өткөрүү мөөнөтүн узартат, алдын ала даярдоону талап кылат. Эгерде олимпиадага көрүүчүлөр жана күйөрмандар катышып олтурган болсо, алар үчүн өзүнчө конкурс уюштурса да болот. Ар кайсы класстарга берилүүчү тапшырманын болжолдуу планы төмөнкүдөй болуусу мүмкүн:

**6-класс:**

**1.** Сиз өзүңүздү аскер башчысы Тутмос IIIмүн деп эсептесеңиз. Сиз катышкан аскерлердин курамы, жоортулдары жөнүндө жана бул жүрүштөн кандай таасир алганыңыз туралуу айтып бериңиз.

Окуучу жооп берип жатканда тарыхый фактыны так айтып, окуянын кайсыл жерде болгондугун, аскердик курам, жоортулдун багыттары жөнүндө картадан көрсөтүп берүүсү зарыл. Бул жөнөкөй айтылган факт болбостон, логикалуу, эмоционалдуу болуусу шарт.

**2.** Сиз өзүңүздү XIXк ортосундагы Алдынкы Азияда жүргүзүлгөн археологиялык-экспедициянын катышуучусу-мун деп элестетиңиз. Сиздер жүргүзүп жаткан казуулар-дан элдердин тагдыры, маданияты жөнүндө айтып бериңиз.

**3**. Сиз өзүңүздү б.з.ч. 184-жылы Кытайда саякаттап жүрөм деп элестетиңиз. Сиз кандай таасирдүү окуяга туш болгондугуңуз тууралуу айтып бериңиз.

**4.**Байыркы Спартада болдум деп элестетиңиз. Сиз ал жөнүндө сүрөттөп, өзгөчө таасир калтырган окуя боюнча маалымат бериңиз.

**5.**Сиз өзүнүздү б.з.ч. IIIк Египеттик Александрияда болдум деп элестетиңиз. Сиз андан эмнени көрө алдыңыз жана ал сизге кандай күчтүү таасирлерди калтыра алды?

**6.** Өзүңүздү б.з.ч. 1772-жыл чет өлкөлүк элчи катары Вавилонго келдим деп элестетиңиз. Кандай башкаруучу сизди кабыл алды, бул өлкөнүн мыйзамдары жана тартиптери сизге таасир калтырдыбы? Шаардын калтырган таасирлери жөнүндө айтып бериңиз.

Бул мурдагыга караганда бир кыйла татаал болот. Ал хронологиялык жактан бирин-бири коштоп турган окуяларды, кубулуштарды байланыштыра алууну жана фактыларды дал келтирүүнү талап кылат. Окуучулар б.з.ч. 1792-1750-жж Вавилонду Хаммурапи деген падыша башкаргандыгын билүүсү абзел. Алар Хаммурапинин мыйзамдарына өз алдынча баа беришет.

**7-класс.**

**1**. Сиз өзүңүздү XIII к Брюггедеги соода ярмаркасынын катышуучусумун деп элестетиңиз. Ярмаркага эмнелер алынып келинип жана эмнелер сатылгандыгы жөнүндө айтып бериңиз. Брюгге-Балтика деңизиндеги соода борбору болгон. Бул жакка Россиядан Европада жогору бааланган жез, тактайлар ж.б. товарлар алынып келинип турган. Ал жерде темир, жүн, жез, нооту, туз ж.б. товарлар сатылган. Соодагерлер кайтып келе жатканда ал жактан товар: француз виносун, коздук буюмдарын алып келишкен.

Окуучулардын жообунда соода кербениндеги кыйынчылыктар жөнүндө чагылдырылышы зарыл.

**2.** Сиз өзүнүздү XVк ортосундагы студентмин деп элестетиниз. Сиздин жашооңуз, окууңуз кандай болмок эле. Сиз өзүңүздүн университетиңиздин жайгашкан ордун, тарыхын айтып бериңиз.

Кайсыл шаарды тандоо  окуучулардын өз эрки. XVк Европада 60 университет болгон. Окуучулар анын ичинен төртөөнү гана билишет.

**3.** Сиз өзүңүздү  XIVк аягындагы   сербиялык жоокер катары элестетиңиз.

Сиз жашооңуздагы  кандай баатырдык окуяларды башыңыздан өткөрдүңүз, ал жөнүндө айтып бериңиз.

Окуучулар Балкандыктардын түрктөргө каршы эркиндик үчүн күрөшүн  билиши шарт. Сербия XVк гана өнүккөн, ошол мезгилде бул окуялар күч алган мезгил болгон. Косов аянтындагы Милош Обиличтин эркиндик үчүн күрөшүн  көргөнсүз, анын баатырдыгы жөнүндө айтсаңыз да болот.

**4.** Сиз өзүңүздү  Орлеан шаарынын 1439-жылдагы жашоочусумун деп элестетиңиз. Мындан 10 жыл мурда кандай окуя болгон? Ал жөнүндө айтыңыз.

1429-жылы Орлеан шаары 100 жылдык согуштан бошотулган. Бул окуяда Жанна ДАрктын ролу чоң. Окуучу Жанна ДАрктын баатырдыгын, кайраттуулугун эмоционалдуу, жеткиликтүү  айтуусу зарыл.

**5.** Сиз өзүңүздү Васко да Гама жетектеген экспедициянын мүчөсүмүн деп элестетиңиз. Бул экспедициянын жүрүшү жөнүндө айтып бериңиз. Жооп берип жатканда картаны колдонуңуз жана жолдо кандай кыйынчылыктарга туш болгондугуңуз тууралуу баяндаңыз.

**8-класс.**

**1.**Сиз өзүңүздү  1674-жылы Астрахань шаарына барып калдым деп элестетиңиз. Бул шаар жөнүндө эмнелерди айта аласыз.

1671-жылы Разина көтөрүлүшү басылган болчу. Бул көтөрүлүш жөнүндө  ар бир адамдын эсинде калган жана кандай кыйынчылыктарды өткөргөндүгү  туралуу окуучу билүүсү зарыл.

**2.**Сиз өзүңүздү Семен Дежнев жетектеген экспедициянын мүчөсүмүн деп элестетиңиз. Эмне жөнүндө айта алмаксыз?

Жооп берип жатканда сөзсүз картаны колдонуусу, экспедициянын жүргүзүлгөн жылы, Дежневтин жашоосу жана ал ачкан ачылыштар жөнүндө айтѕлуусу шарт.

**3.**1244-жылы Новгороддо болдум деп элестетиңиз. Новгороддогу летописте шаардын акыркы жылдардагы жашоолору чагылдырып жазылган. Андан эмнелерди айта алмакчысыз?

Ал летописте шведдер менен болгон баатырдык күрөштүн чагылуусу, Новгороддон Александр Невскийди кууп чыгаруу, Александрдын кайтып келүүсү, неместик жоокерлерге каршы күрөшү, Чуд көлүндөгү салгылашуу, моңгол-татар чабуулунун коркунучу, шаардын саясий жана соодалык жашоолору боюнча чагылдырылган. Окуучу жооп берүүдө жогорудагы нерселерди эмоционалдуу, образдуу чагылдыруусу шарт.

**4.** Сиз өзүңүздү 1383-жылы Москвада болдум деп элестетиңиз. Шаар жөнүндө жана жакынкы аралыктагы окуялар жөнүндө айтып бериңиз.

Дмитрий Донскойдун убагындагы Кремилдеги дубалдар баяндамада чагылдырылышы шарт жана Куликов салгылашуусу, Токтомуш хандын Москвага чабуулу жөнүндө айтылуусу абзел.

**5.** Сиз өзүңүздү XVIIк соодагер элестетиңиз. Сиз Астрахандан Жакынкы Новгородго төөлөргө товарларды артып алып жөнөдүңүз. Сиз жолдо кандай нерселерге туш болдуңуз жана кандай товар алып барып, кандай товар алып келдиңиз ал жөнүндө айтып бериңиз.

XVIIк Россиянын экономикасынын абалы жөнүндө окуучулар билүүсү шарт. Астрахандан икра, туз, туздалган балык алып турушкан, ал эми Жакынкы Новгороддон тери, май, кездеме, ж.б. нерселерди алып кетип турушкан. Жооп берип жатканда жогорудагы нерселер окуучунун жообунда камтылуусу зарыл.

**6.** Сиз өзүңүздү XIIк Владимир княжествосунда болдум деп элестетиңиз. Бул сизге кандай таасирлерди калтырды, ал жөнүндө айтып бериңиз.

Жооп берүүчү княздык жашоонун ар кайсы жактарын чагылдыруусу зарыл.

Владимир-Суздальскийдин күчтүү саясаты, башка княздардын арасындагы таасири жөнүндө, ошондой эле княз Юрия Долгоруков жана Андрей Боголюбскойдун жерлерди күчөтүү менен бекемдөөсүндөгү ролу боюнча айтышат. Ошол доордогу негизги архитектуралык эстеликтерди мүнөздөшөт (Алтын дарбаза, Боголюбов сарайы, Нерлидеги Покровтун чиркөөсү ж.б.).

**9-класс**

**1.** 1775-жылы Түндүк Америкада болдум деп элестетиңиз. Кандай күчтөр бири-бирине каршы аракетте болду? Кандай нерселерди байкай алдыңыз? Ал жөнүндө айтып бериңиз.

**2.** Элестетиңиз, 1792-жылы сентябрдын аягында Парижге келип калдыңыз. Францияда бул убакта кандай окуя жүргөн? Ага баа бериңиз. Сиздин көңүлүңүздө калган бир окуяны сүрөттөп айтып бериңиз.

**3.** Элестетиңиз, сиздин колуңузда 1837-жылдагы Россиянын гезити жүрөт. Андан эмнени биле алат элеңиз? Кандай окуя болмок? Бул тапшырма систематизациялуу–үзүлбөгөн билимди талап кылат жана окуялардын ортосундагы байланышты бекемдейт.

**4.** Сиз өзүңүздү XIXк 40-жылдарындагы Макарьевка жарманкесине туш болгондугуңузду элестетиңиз. Жарманкеде сиз эмнелерге туш болдуңуз, кандай таасир калтырды ал жөнүндө айтып бериңиз.

Жакынкы Новгороддогу Макарьевка жарманкеси Россиядагы эң чоң жарманкелердин бири болгон. Бардык өлкөлөрдөгү соодагерлер ушул жарманкеге топтолушчу. Жооп берерде бардык Россиялык базарлардын мындан ары өлкөлөрдөгү өнүгүүсү ойдо болушу шарт.

**5.** Элестетиңиз, XIXк ортолорунда Петербургтан Иркутскийге келишиңиз керек болду. Жолдо кандай абалда болдуңуз, эмнелерди көрө алдыңыз, кандай сырларды билдиңиз? Ал жөнүндө айтып бериңиз. Тапшырма бир типтүү же ар башка доордон жана тарыхтагы окуядан болушу мүмкүн.

Экинчи турдун жыйынтыгында эң мыкты окуучулар тандалып алынып, алар өз сыйлыктарын алышат жана алардын мыкты эмгектери бааланат. Калыстар тобу олимпиадага катышкан окуучулардын жыйынтыгын туура, так чыгаруусу максатка ылайыктуу.

## Олимпиаданын бүтүшү

Олимпиаданын бүтүшү салтанаттуу түрдө болушу керек. Жеңүүчүлөрдүн сыйлыгын тапшыруу салтанатта берилет. Жеңүүчүлөр жогорку кругозорлуу окуучулар болушу зарыл же башкалардан айырмаланып көп балл топтогон команда болот. Жеңүүчүлөрдү алар топтогон баллга карата аныктайт. 1-2- турдун жыйынтыгынан чыккан баллга карата женүүчүлөр такталат. Андан кийин жеңүүчүлөр сыйланат. Сыйлыкты төрага тапшырат. Сыйлык тапшырылып жатканда салтанаттуу түрдө, шаңдуу музыканын коштоосунда тапшырылышы зарыл. Жеңүүчү команда же окуучу грамота менен сыйланат. Ал эми олимпиадага катышып, өзүнүн активдүүлүгүн көрсөткөн команда же окуучу белектер менен сыйланышы керек. Бул берилген белектер окуучулар үчүн стимул болуусу зарыл.

## Тесттик суроолор

**1.Үчтүктөр союзу качан түзүлгөн?**

а) 1880-жылы Германия, Англия, Япония
б) 1881-жылы Германия, Россия, Италия
в) 1882-жылы Германия, Италия, Австро-Венгрия
г) 1883-жылы АКШ, Италия, Польша
д) 1884-жылы Япония, Германия, Италия

**2. Джеймс Уатт кайсы жылы буу машинасын ойлоп тапкан?**

а) 1794-жылы в) 1800-жылы д) 1840-жылы
б) 1795-жылы г) 1810-жылы

**3. Биринчи дүйнөлүк согушка канча мамлекет катышкан?**

а) 1 млярд калкы бар 28 мамлекет
б) 1,5 млярд калкы бар 38 мамлекет
в) 2 млярд калкы бар 48 мамлекет
г) 2,5 млярд калкы бар 58 мамлекет
д) 3 млярд калкы бар 68 мамлекет

**4. Фашизм качан кайсы мамлекетте негизделген?**

а) 1933-жылы Германияда в)1925-жылы АКШда
б) 1922-жылы Италияда г) 1941-жылы Австро- Венгрияда
д) 1945-жылы СССРде

**5. Дүйнөлүк биринчи согушта сепраттык тынчтык шартында чыккан өлкө.**

а)Австро- Венгрия б)Болгария в)Туркия д) Франция г) билбейм

**6. Келишимимдердин натыйжасында тынчтык келишим-дер системасы түзүлүп тарыхта кандай ат менен аталып калган?**

а) Варшава келишимдер системасы
в) Тегеран конференциясы
д) билбейм
б) Версаль келишимдер системасы
г) Крым конференциясы

**7. Акыркы беш жүз жылдыктагы “экспансия” демилгеси кимдерге тиешелүү?**

а) Чыгыш в) Батышка д) Африкага
б) Түндүк Европа г) Азияга

**8. Англиянын закон чыгаруучу органы канчага бөлүнөт?**
а) 1 б) 2 в) 3 г) 4 д) 5

**9. Биринчи дүйнөлүк согуш качан башталган?**
а) 1914-ж 28-июлда
б) 1914-ж 28-августта
в) 1914-ж 2-августта
г) 1916-ж 28-июнда
д) 1917-ж 2-сентябрда

**10.Империя деген термин кайсы тилден алынган жана эмне дегенди түшүндүрөт?**
а) латын тилинен "бийлик" дегенди түшүндүрөт
б) грек тилинен "башкаруу" дегенди түшүндүрөт
в) латын тилинен "өлкө" дегенди түшүндүрөт
г) грек тилинен "система" дегенди түшүндүрөт
д) орус тилинен "мамлекет" дегенди түшүндүрөт

**11. Биринчи дүйнөлүк согушта согуштук демилге кайсы блоктон болгон.**
а) НАТО б) үчтүктөр в) ООН г)билбейм д) ЮНИСЕФ

**12. Крым конференциясында союздаштар эмне жөнүндө макулдашышкан?**
а) ООНду түзүү боюнча
б) Японияны талкалоо боюнча
в) Гитлердик фашизимди,милитаризмди жоюу боюнча
г) НАТОну түзүү жөнүндө
д) билбейм

**13. АКШнын биринчи преЗдентти ким болгон?**
а) Джож Вашингтон в)Теодр Рузвельт д) Борака Обама
б) Эндрю Джонсон г) Билл Клинтон

**14. Англия кайсы жылдан баштап "Улуу Британия" деп атала баштаган?**
а)1709-ж б) 1607-ж в) 1707-ж г) 1800-ж д) 1809-ж

**15.Париж тынчтык конференциясы качан башталган?**
а) 1919-ж б) 1917-ж в) 1922-ж г) 1928-ж д)1930-ж

**16. Нейси тынчтык келишими кайсы мамлекеттердин ортосунда болгон?**
а) Антанта менен Болгариянын ортосунда
б) Венгрия менен Турциянын ортосунда
в) Антанта менен Италиянын ортосунда
г) Үчтүктөр союзу менен Германиянын ортосунда

д) Болгария менен Италиянын ортосунда

**17. Антанта блогуна кайсы мамлекеттер кирген?**

а) Англия, Германия, Италия
б) Англия,Франция, Россия
в) Германия, Франция, Англия
г) Германия,Франция, Италия
д) Фрация, Россия, Германия

**18. Потсдам конференциясы качан болгон?**

а) 1944-ж 17-июлдан 2-августка чейин
б) 1945-ж 17-июлдан 2-августка чейин
в) 1944-ж 8-февралдан 3-мартка чейин
г) 1945-ж 8-февралдан 3-мартка чейин
д) 1946-ж 1-сентябрдан 20-сентябрга чейин

**19. Ялта конференциясына кайсы жетекчилер барган?**

а) Черчилль, Рузвельт,Сталин
б) Трумен, Черчилль,Сталин
в) Сталин, Буж, Трумен
г) Буж, Черчилль, Горбачев
д) билбейм

**20. Биринчи дүйнөлүк согуштун чыгышына шылтоо болгон…….**

а)”Млада Босна” патриоттук уюмунун мүчөсү Г.Принцип Австро Венгер тактысынын мураскору франц Фердинондду өлтүрүшү
б)”Лузитания”жүргүнчү кемесин чөктүрүү.
в) Германиянын кемелери “Гебен” менен “Бреслоу” Россиянын кара деңиз портторун аткылоосу
г)Германия Бельгиянын бейтараптыгын бузушу
д)Россиянын жарым-жартылай мобилизациясы.

**21. АКШнын конуституциясы качан кабыл алынган?**

а)1878-ж б)1877-ж в)1787-ж д)1777-ж г)1778-ж

**22. Рейн союзу качан ким тарабынан түзүлгөн?**

а)1806-ж Напалеондун протектораттыгы астында түзүлгөн
б)1807-ж Напалеондун протектораттыгы астында түзүлгөн
в)1707-ж Карл I дин демилгеси менен
г)1787-ж Яков II нин демилгеси менен

**23. Тильзит келишими качан түзүлгөн?**

а)1807-ж 7-июлда б)1809-ж 9-июлда в)1810-ж 10-июнда
г) 1817-ж 17-июлда д) билбейм

**24. 1380-жылы кандай окуя болгон?**
а) Византия империясы кулаган
в) Уот Тайлердин көтөрүлүшү болгон
б) Куликов салгылашуусу болгон г) Гуситтик согуш болгон
д) билбейм
**25. 1431-жылы кандай окуя болгон?**
а) Америка материги ачылган
б) Византия империясы кулаган
в ) Гуситтик согуш болгон
г)Жанна Д,Аркты өртөп салышкан
д) Уот Тайлердин көтөрүлүшү болгон
**26. Нева салгылашуусу качан болгон?**
а) 1245-ж б) 1240-ж в) 1242-ж г) 1250-ж д) 1260-ж
**27. 1242-жыл тарыхта кандай ат менен белгилүү болгон?**
а) ”Чуд” кыргыны болгон
б) Нева салгылашуусу болгон
в) крестүүлөрдүн салгылашуусу болгон
г) Чынгыз хан өлгөн
д) билбейм
**28. Крепостнойлук укук качан жоюлган?**
а) 1860-ж б) 1861-ж в) 1870-ж г) 1875-ж д) 1880-ж
**29. 1791-жылы Гаити аралында кандай окуя болгон?**
а) крепостойлук укук жоюлган
б) Нева салгылашуусу болгон
в) Америка конинституциясы кабыл алынган
г) Туссен Лувертюр жетектеген негр кулдардын революциясы болгон.
д) «Чуд» кыргыны болгон
**30. Түркмөн чай келишими кайсы жылы түзүлгөн?**
а)1827-ж октябрда в)1829-ж январда
б)1828-ж февралда г)1830- ж декабрда д) 1840-ж апрелде
**31. Улуу Могол династиясынын негиздөөчүсү ким?**
а) Бахридин Бабур в) Амир Темир
б) Чыңгыз хан г) Барсбек каган д) Полот хан
**32. Антанта союзу качан түзүлгөн?**
а)1910-ж б)1912-ж в)1907-ж г) 1906-ж д) 1915-ж

**33. 1919-жылы эмне түзүлгөн?**
а) Антанта союзу түзүлгөн в) Улуттар Лигасы түзүлгөн
б) ООН түзүлгөн г) НАТО түзүлгөн д) билбейм

**34. Крым (Ялта) коференциясы качан болгон?**
а)1945-ж февраль в)1947-ж январь
б)1946-ж февраль г)1948-ж март д) 1950-ж март

**35. СССР Японияга качан согуш жарыяланган?**
а) 1945-ж 8-августь в)1947-ж 8-октябрь
б) 1946-ж 8-сентябрь г)1948-ж 8-ноябрь д) 1949-ж 8-ноябрь

**36. Гитлер качан кайсы жылы бийликке келген?**
а)1930-ж б)1933-ж в)1943-ж г)1940-ж д) 1945-ж

**37. Ф. Рузвельттин “жаңы багыт” саясаты качан жүргүзүлгөн?**
а) 1930-ж б) 1933-ж в)1935-ж г)1936-ж д) 1940-ж

**38. Жүз жылдык согуш качан болгон?**
а)1337-1453-жж б)1337-1460-жж в)1450-1500-жж г)1450-1550-жж д)1550-1650-жж

**39. Чыңгыз хан качан дүйнөдөн кайткан?**
а)1230-ж б)1231-ж в)1227-ж г) 1228-ж д) 1230-ж

**40. Экономикалык өз ара жардамдашуу совети (СЭВ) качан түзүлгөн?**
а)1949-ж б)1946-ж в)1950-ж г)1960-ж д) 1975-ж

**41. Польшаны канча жолу бөлүштүрүү болгон?**
а) 3 жолу б) 2 жолу в) 1 жолу г) бөлүштүрүү болгон эмес
д) 4 жолу

**42. Александр I нин падышачылык кылган жылдары.**
а) 1801-1825-жж б) 1802-1823-жж
в) 1805-1835-жж г) 1806-1855-жж д) 1806-1865-жж

**43. Ата Мекендик согуш кайсы жылы болгон?**
а) 1912-ж б) 1812-ж в) 1814-ж г) 1825-ж д) 1830-ж

**44. Наполеон Бонопарт кайсы мамлекеттин жетекчиси болгон?**
а) Германиянын б) Франциянын
в) Италиянын г) Россиянын д) Польшанын

**45. Россиядагы алгачкы революциялык уюмдар .**
а) народниктер б) элге баруу
в) аман сактап калуу, жыргалчылык
г) жашыруун уюм д) билбейм

**46. Декабристтердин көтөрүлүшү качан болгон?**
а) 1812-ж б) 1814-ж в) 1820-ж г) 1825-ж д) 1830-ж
**47. Эмне себептен Декабристтердин көтөрүлүшү деп аталган?**
а) жөн эле б) декабрь айында болгон
в) жетекчиси декабрь деген киши болгон
г) так жообу жок д) билбейм
**48. В.И.Ленин Россиядагы революциялык кыймылды канча этапка бөлгөн?**
а) 5 этапка б) 4 этапка в) 3 этапка г) 2 этапка д) этапка бөлгөн эмес
**49. Декабристтердин көтөрүлүшүндө канча декабрист дарга асылган?**
а) 3 декабрист б) 2 декабрист в)5 декабрист г) асылган эмес
д) билбейм
**50. Көтөрүлүштүн жеңилүүсүнүн себеби эмнеде?**
а) жетекчилери болгон эмес
б) элден алыс болгон
в) алданып калган
г) жеңилген эмес
д) баш-аламан болгон
**51. Көтөрүлүштүн тарыхый мааниси**
а) биринчи жолу падышачылыкка каршы чыгуу
б) жеңилүү менен аяктагандыгы
в) падышаны кулатты
г) тарыхый мааниси жок
д) эркиндик үчүн күрөшкөндүгү
**52. Александр IIнин мезгилиндеги коомдук жана социалдык кыймылдар кайсылар?**
а) жер жана эркиндик б) декабристтер в) аман сактап калуу
г) Петрашевчилер д) большевиктер
**53. Россияда крепостнойлук укук качан жоюлган?**
а) 1889-жылы б) 1825-жылы в) 1861-жылы г) 1888-жылы
д) билбейм
**54. Япониядагы жер ээликтин түрү.**
а) «Сеэн » системасы б) «Сегун» системасы
в) «бусидо» системасы г) тимарлар д) вакыфтук жерлер

**55. Монголдор Японияны качан басып алышкан?**
а) 1236-ж б) 1240-ж в) 1246-ж г)1243-ж д) 1245-ж
**56. Японияда кандай сегунаттар болгон:**
а) Монимата, Асикага, Токугава б) Сога, Тайка, Асикага
в) Момимата, Сога, Токугава г) Токугава, Сога ,Асикага
д) Минамата, Сога, Асикага
**57. Орто кылымдагы кытайдагы биринчи борборлоштурулган империя**
а) Хан б) Тан в)Цзинь г)Цин д)Миң
**58. Наделдик система качан жана ким тарабынан киргизилген?**
а) Сынаян III б) Хуан Вень III в)Лю Юй V
г) Сыма Ян V д) Хуан вен V
**59. Наделдик система деген эмне?**
а) жер пайдалануунун формасы
б) Кытайдагы саясий система
в) Кытайдагы социалдык түзүлүш
г) Кытайдагы аскердик түзүлүш
д) Кытайдагы диний кыймыл.
**60.Тан династиясынын түзүлгөн жылы?**
а) 1710-ж б) 1618-ж в) 1630-ж г)1610-ж д)1712-ж
**61. Цзедуш деген бул:**
а) Кытайдагы административдик территориялык бөлүнүү
б) округдук аскердик губернатордун кызматы
в) Кытай башкаруучуларынын кызматы
г) Кытай кол өнөнрчүлөрү
д) Кытай дыйкандары
**62. «Беш короо» системасы кайсы өлкөдө болгон?**
а) Япония б) Турция в) Индия г)Кытай д) Иран
**63. Ян Яндын реформасы боюнча кандай өзгөрүүлөр болгон?**
а) Кытайдын саясий системасында
б) административдик түзүлүшүндө
в) аскер саясатында
г) салык системасында
д) территориялык түзүлүшүндө
**64. Кытайдагы Сун династиясынын түзүлүшү кайсы кылымга таандык?**
а)V к б) VII к в) XIк г) XVII к д) X к

**65. «Туруктуу чыңдоо жана бутакты алсыратуу» саясатынын маңызы.**

а) борбордук бийликтин күчөшү жана алсырашы
б) жергиликтүү башкаруучулардын налогду күчөтүшү
в) армиянын санынын көбөйүшү
г) дыйкандардын көтөрүлүшү
д) эч нерсе эмес

**66. Орто кылымдарда Кытайдагы жерге болгон жеке менчиктин үстөмдүк кылган формасы?**

а) Общиналык б) храмдык в) жеке
г) мамлекеттик д) жеке общиналык

**67. Ван-Ан-инин реформасы боюнча кандай система киргизилген?**

а) административдик түзүлүштөгү өзгөрүүлөр
б) территориялык түзүлүштөгү өзгөрүүлөр
в) саясий системадагы өзгөрүүлөр
г) социалдык системадагы өзгөрүүлөр
д) мамлекеттик түзүлүштөгү өзгөрүүлөр

**68. Ван-Ан- Шинин экономикалык реформасынын манызы?**

а) налогдун жаңы түрлөрүн киргизүү
б) жер кадастраларынын киргизилиши
в) храмдар налог төлөөдөн бошотулган
г) порттор түзүлгөн
д) жаңы каналдардын курулушу

**69. Таңгуттардын мамлекети кандайча аталган?**

а) Цзинь б)Юань в) Вей г) Си Ся д) Ханчжау

**70. Кидандардын мамлекети кандайча аталган (926-1125-жж.)?**

а) Цзинь б) Вей в) Си Ся г) Сун д) Ляо

**71. Сун империясын кайсы уруулар талкалаган?**

а) кидандар б) чурчжендер в)таңгуттар г) монголдор
д) түрктөр

**72. Кытайдагы моңгол династиясы кандайча аталган?**

а) Цзинь б) Юань в) Сун г) Тань д) Миң

**73. Кытайдагы моңгол династиясын ким негиздеген?**

а) Чынгызхан б) Батыйхан
в) Хубиллайхан г) Хабулхан д) Угедейхан

**74. Монголдордун басып алуучулук саясатындагы кытай элине болгон саясаты?**
а) козгоп жок кылуу б) монголияга жөнөтүшкөн
в) кулга айландыруу г) аскердик катарга тизилүү д) билбейм
**75. Кытайдагы монгол баскынчыларына каршы кыймылдын башындагы уюм?**
а) кызыл лотостор б) ак лотостор
в) дунлиндер г) Ханжоу д) кызыл жоогазын
**76. Кытайдагы монголдордон кийинки династия?**
а) Цзинь б) Хань в) Тан г) Сун д) Мин
**77. Дунлин уюмунун мүнөзү?**
а) аскердик уюм б) диний уюм в) дыйкандардын уюму
г) кол өнөрчүлөрдүн уюму д) соодагерлердин уюму
**78. XIII кылымдагы Кытайдагы дыйкандар согушунун жыйынтыгы?**
а) жеңилүүгө дуушар болгон
б) миң династиясынын жоюлушу
в) административдик түзүлүштөгү өзгөрүш
г) монголдорду кууп чыгуу
д) эч нерсе өзгөргөн эмес
**79. Кытайдагы дунлин уюму качан түзүлгөн?**
а) 1680-ж б) 1480-ж в) 1640-ж г) 1580-ж д) 1595-ж
**80. Цинь империясынын түзүлгөндүгү?**
а)1636-ж б) 1683-ж в) 1684-ж г) 1690-ж д) 1708-ж
**81. Адамдын келип чыгышы жөнүндөгү илим эмне деп аталат?**
а) этнография б) археология
в) антропология г) этнология
**82. Жез жана таш доорунун ортосундагы мезгил эмне деп аталат?**
а) неолит б) энеолит в) мезолит г) палеолит
**83. Андронов маданияты кайсы доорго таандык?**
а) коло доору б) таш доору в) жез доору г) темир доору
**84. «Сак» деген сөз эмнени түшүндүрөт?**
а) талаа бөрүлөрү б) эркин, күчтүү эркек
в) кулдар г) токой адамдары
**85. Сактардын мезгили кайсы кылымдарга таандык?**
а) б.з.ч.VI-III кк. б) б.з.ч. II-I кк. в) б.з. V-VI кк. г) б.з. VI-IX кк.

**86. Усун мамлекетинин борбору кайсы шаар болгон?**
а) Баласагын б) Чигучэн в) Кашкар г) Эрши
**87. Усундар падышасын эмне деп аташкан?**
а) каган б) ажо в) күнбаг г) табгач
**88. Энесай кыргыздарынын мамлекетинин башчысы ким болгон?**
а) Капаган б) Барсбек в) Билге г) Култегин
**89. Кыргыздар б. з. ч. 201-жылы мамлекеттүүлүккө ээ болгон деп ким жазып калтырган?**
а) Бань Гу б) Сыма Цянь в) Ар-Рашид г) Хайдар
**90. Даван мамлекети качан пайда болгон?**
а) б.з. V-VI кк. б) б.з.ч. I миң жылдык
в) б.з.ч. Vк. г) б.з. II-IIIкк .
**91. Даван мамлекетинин борбору кайсы шаар болгон?**
а) Эсхета б) Эрши в) Баласагун г) Гоючан
**92. Кыргыздардын б.з.ч. I к журту Чыгыш Түркстандагы Манас, Карашаар шаары жана Борохоро тоо кыркасы болгон деп ким жазып калтырган ?**
а) Сыма Цянь б) Бань Гу
в) Гардизи г) Бичурин
**93. Каракытай мамлекет башкаруучусунун титулун атаңыз?**
а) Гурхан б) Хан в) Богдыхан г) Князь д) Каган
**94. Кыргыздардын «Улуу державалык» мамлекети кайсы мезгилде жашаган?**
а) IV - V кк. б) VII - VIII кк. в) IX - X кк. г) XI - XII кк.
**95. Кокон хандыгына каршы Ысык-Көл кыргыздарынын көтөрүлүшү качан болгон?**
а) 1840-ж. б) 1841-ж. в) 1842-ж. г) 1845-ж.
**96. Биринчи болуп XIX к. “Манас“ эпосунан үзүндү жазган жана ага чоң маани берген окумуштууну ата:**
а) Н.А. Северцев б) А.П. Федченко в) Ч.Ч. Валиханов
г) И.В. Мушкетов д) В.В. Бартольд
**97. XIXк. I жарымындагы кыргыздардын негизги дини?**
а) Христиан б) Ислам в) Буддизм
г) Шаманизм д) Манихейство
**98. Кокон хандыгынын акыркы ханын атагыла?**
а) Шерали хан б) Алим хан в) Малла хан г) Кудаяр хан

**99. Кокон хандыгына каршы Түштүк Кыргызстанда ири көтрүлүш качан болгон?**


а) 1870-71-жж. б) 1872-73-жж.

в) 1873-76-жж. г) 1878-80-жж.

**100. Абдылдабек деген инсан ким болгон?**

а) Ири жер ээлөөчү б) Кокон ханынын уулу

в) Ири мал өстүрүүчү г) Алымбек, Курманжан даткалардын уулу


ТҮНДҮК ДЕҢИЗ
АНГЛДАР
Лондон
ГЕРМАНДАР
САКСТ
Париж
БРИТТЕР
ГАЛЛИЯ
С Л А В Я Н Д А Р
Днепр
Дон
ГУННДАР IV
ГУННДАР V
Дунай
ОСТГОТТОР
ИТАЛИЯ
ИСПАНИЯ
Толедо
ВЕСТГОТТОР
Корсика ар.
Сардиния ар.
РИМ
КАРА ДЕҢИЗ
КОНСТАНТИНОПОЛЬ
Сицилия ар.
Карфаген
Антиохия
Кипр ар.
Крит ар.
СИРИЯ
ПАЛЕСТИНА
ЖЕР ОРТОЛУК ДЕҢИЗ
Александрия
ЕГИПЕТ
Нил
Басып алуулардын багыттары:
IV-V кылымдарда герман уруулары
VI кылымдын аягы VII кылымдын башындагы славян уруулары
ФРАНКТАР
Батыш Рим империясынын аймагына көчүп келип отурукташкан герман уруулары
534-жылы "варварлардын" королдугунун чегаралары
IVкылымдын аягындагы Рим империясынын чегаралары
395-жылы Рим империясына бөлүнгөн чегаралары
260 0 260 520 км

Англия жана Франция жүз жылдык согуштун мезгилинде (1337-1453-жылдар)



XVI кылымда Англияда капиталисттик өнүгүүнүн башталышы



## Адабияттар:

1. «Педагогика» Ю.К.Бабанскийдин редакциясынын астында 1983-ж. басылган.
2. Розумовский В.Г.-«Развитие общего образования: Интеграция и гуманитаризация» 1983г.
3. Амонашвили Ш.А. «Здраствуйте дети», «Как живете дети», Москва 1983г.
4. «Педагогикалык изденүү» (Антология передового опыта педагогов - новаторов) котормосу 1989-ж.
5. Сухомлинский В.А. «Сердце от даю детям», 1988г.
6. Бекенбай Апыш «Дидактиканын негиздери» Ош шаары 1992-ж.
7. Султанбаев Төлөгөн – «Кызматташтыктын педагогикасы»-1995ж., «Учурдун сабагы»,-2001ж., «Сабактардын системасы жана анын окутуудагы артыкчылыгы»-2006-ж.
8. Муфит Комлексиз – «Технология группового обучения», Бишкек 2002г.
9. Виктор А.Ли, Ксения В.Ли –«Профилактика химических аддикций», Бишкек 2000г.
10. Байгазиев С. – «Интерактивдик окутуунун педагогикалык идеологиясы жана технологиясы» макала «Кут билим» газ.»22,23.2007ж.
11. USAID, ПИКС долбоорунун программалынын материалдары, 2001-2007ж.
12. «Окутуунун интерактивдик усулдары жана классты башкаруу», КББА, Бишкек 2002ж.
13. «Секреты тренерского мастерство», Ташкент-Бишкек 2006г.
14. «Основы менторинга», Ташкент – 2007г.

Б.А.Нурунбетов
Жолдошева А.А., Кошназаров М.А.,

6-9-КЛАССТАРДА
ТАРЫХ ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА
ОЛИМПИАДАЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮНҮН
ЖОЛДОРУ

Редактор: Өмүрзакова Н.К.
Техредактор: Тойчубаев А.А.
Корректор: Ыкыбал уулу Элдияр

Терүүгө 07.04.2014-жылы берилди.
Басууга 11.07.2014-жылы кол коюлду.
Форматы 60x84 1/16. Көлөмү 3 басма табак. Буюртма №33
Нускасы 100.

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү 236